**"Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Кочкор-Ата колледжи " мекемеси**

**Орто кесиптик билим берүү программаларын аккредитациялоо боюнча эксперттик комиссиянын отчету**

**Председатель:** Токтомамбетова Жамилякан Сакибаевна — Инновациялык технологиялар жана энергетика институту, п.и.к., проректор

**Комиссиянын мүчөлөрү - билим берүү программалары боюнча эксперттер:**

| № Программалардын аталышы | Шифр | Эксперттердин аты-жөнү | Кол тамгасы | Иштеген жери, кызматы, окумуштуулук даражасы, окумуштуулук наамы |
|---|---|---|---|---|
| 1. Мектепке чейинки билим берүү | 050704 | Токтомамбетова Жамилякан Сакибаевна | | Инновациялык технологиялар жана энергетика институту, п.и.к., проректор |
| 2. Башталгыч класстарда окутуу | 050709 | Токтомамбетова Жамилякан Сакибаевна | | Инновациялык технологиялар жана энергетика институту, п.и.к., проректор |
| 3. Автомобиль транспортторун техникалык жактан тейлөө жана ондоо | 190604 | Жоробеков Болот Астаевич | | Ош ТУ, Транспортту пайдалануу туруктуу технологиялар кафедрасынын башчысы, т.и.к., доцент |
| 4. Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу (тармактар боюнча) | 220206 | Маматова Нурзада Абдишукуровна | | Борбор Азия эл аралык медициналык университетинин эл аралык колледжи, мугалим |

**Референт:** Мамытканов Джумакадыр Суйуналиевич — ААОПО, укуктук камсыздоо жана өнүктүрүү боюнча менеджер.

**04-05.03.2026-ж.**

## БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ (ААЕРО)

### 1 - Стандарт. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү

**Алсыз жактары:**

1. Билим берүү программасын өркүндөтүү максатында студенттердин жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, муктаждыктарын жана канааттануусун мезгил-мезгили менен баалоо тартиби толук иштелип чыккан эмес.
2. Студенттерге иштеп жаткан кошумча билим берүү кызматтары (курстар, факультативдер, ийримдер) сунушталат.

**Сунуштамалар:**

1. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин билим берүү программасын өркүндөтүү максатында студенттердин жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, муктаждыктарын жана канааттануусун мезгилдүү баалоо тартибин иштеп чыгуу жана бекитүү, андан кийин анын жыйынтыктарын жыл сайын талдоо менен анын аткарылышы камсыздалсын.
2. Окуучулардын кошумча курстарга, факультативдерге, ийримдерге болгон пикирлерин үзгүлтүксүз изилдөө жана анын жыйынтыктарын кошумча билим берүү кызматтарын (курстар, факультативдер, ийримдер) уюштурууда пайдалануу, жыл сайын талдоо менен анын аткарылышы камсыздалсын.

**1 - Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

### 2 - Стандарт. Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу

**2 - Стандарт аткарылып жатат.**

### 3 - Стандарт. Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо

**Алсыз жактары:**

1. Студенттер менен үзгүлтүксүз кайтарым байланыш түзүү жана алардын жыйынтыктарын окутуунун педагогикалык ыкмаларын, формаларын жана технологияларын баалоо жана оңдоо үчүн колдонуу системалаштырылган эмес.

**Сунуштамалар:**

2026-жылдын 1-сентябрына чейин студенттер менен үзгүлтүксүз кайтарым байланыш түзүү жана алардын жыйынтыктарын педагогикалык ыкмаларды, формаларды жана окутуу технологияларын баалоо жана оңдоо үчүн колдонуу тартибин иштеп чыгып ишке киргизилсин жана анын натыйжаларын ар жыл сайын талдоо камсыздалсын.

**3 - Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

## 4 - Стандарт. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал

**Алсыз жактары:**

1. Билим берүүнүн сапатын жогорулатууга көмөктөш болгон, тиешелүү билим берүү программалары боюнча окуу куралдарын, окуу китептерин иштеп чыгуу жана басып чыгаруу боюнча окутуучулардын  иши аз көлөмдө жүргүзүлөт.
2. Окутуучулардын жана окуу-көмөкчү курамдын кесиптик өнүгүүсүнө көмөктөшүүчү жана өз ишмердүүлүк чөйрөсүндөгү акыркы өзгөрүүлөрдөн дайыма кабардар болууга мүмкүндүк берүүчү милдеттүү стажировкалар жетишсиз.

**Сунуштамалар:**

1. Билим берүү программаларына жана эмгек рыногунун керектөөлөрүнө ылайык келген окуу-методикалык материалдарды иштеп чыгуу жана басып чыгаруу боюнча планды  2026-ж. 01.09. чейин  иштеп чыгып анын натыйжаларын жыл сайын талдоо менен анын аткарылышы камсыздалсын.
2. Кесиптик өнүгүүгө өбөлгө түзүүчү жана өз ишмердүүлүгүнүн чөйрөсүндөгү акыркы өзгөрүүлөрдөн ар дайым кабардар болууга мүмкүндүк берген милдеттүү стажировкаларынын планын 2026-жылдын 1 - сетябрына чейин иштеп чыгып ишке киргизилсин жана анын натыйжаларын ар жыл сайын талдоо камсыздалсын.

**4 - Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

## 5 - Стандарт. Материалдык жана маалыматтык ресурстар

**Күчтүү жактары:**
Колледж  11 994 000 сом акча каражатын коллеждин имараттарын капиталдык оңдоп – түзөө иштери үчүн тартып, капиталдык оңдоп-түзөө иштерин жүргүзгөн.

**Алсыз жактары:**

1. Программанын студенттери Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык керектүү заманбап окуу китептери, окуу куралдары жана башка окуу-методикалык материалдар менен жетишсиз камсыздалган.

**Сунуштамалар:**

1. Программанын студенттери Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык керектүү заманбап окуу китептери, окуу куралдары жана башка окуу-методикалык материалдар менен жетиштүү көлөмдө камсыздоо боюнча планды  2026-ж. 01.09. чейин  иштеп чыгып анын натыйжаларын жыл сайын талдоо менен аткарылышы камсыздалсын.

**5 – Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

## Стандарттардын бааланышы

1 - Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат

2 - Стандарт аткарылып жатат

3 - Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат

4 - Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат

5 - Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат

**Аккредитациялык чечим боюнча эксперттик комиссиянын сунушу:**

Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Кочкор-Ата колледжинин билим берүү программаларына тышкы баалоо жүргүзгөн эксперттик комиссия өзүнүн отчетунун негизинде

Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Кочкор-Ата колледжинде ишке ашырылып жаткан орто кесиптик билим берүү программаларын

050704 Мектепке чейинки билим берүү
050709 Башталгыч класстарда окутуу
190604 Автомобиль транспортторун техникалык жактан тейлөө жана оңдоо
220206 Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу (тармактар боюнча)

5 жылга аккредитациялоону сунуштайт.

**2026-ж. 05.03.**